КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# ДОБУШТАРДЫ ЭСЕПТӨӨНҮН ЭСКЕРТМЕСИ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

IFES

Бишкек-2021

Округдук шайлоо комиссиясы УШКлардан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордун биринчи нускаларын башка шайлоо документтери менен бирге алат жана анда камтылган маалыматтарды кошуу менен тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун түзүүнүн тууралыгын алдын ала текшергенден кийин, округдук шайлоо комиссиясы бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын кошуу менен тиешелүү аймактагы бир мандаттуу округдун жана бирдиктүү округ боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча округдук шайлоо комиссиясы бир мандаттуу округ жана бирдиктүү округ боюнча жыйынды таблицаларды түзөт, аларга УШКлардын саны, келип түшкөн протоколдордун саны жөнүндө маалыматтар киргизилет, алардын негизинде бир мандаттуу округдагы жана бирдиктүү округдагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдор түзүлөт.

Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюунун алдында округдук шайлоо комиссиясы жыйынтыктоочу жыйналышын өткөрүүгө милдеттүү, анда добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды эсептөөгө жана шайлоо участкасынын протоколдорун түзүүгө байланыштуу комиссияга келип түшкөн арыздар (даттануулар) каралат.

Шайлоо комиссиясы ар бир арыз (даттануу) боюнча чечим кабыл алат, андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимдерге макул болгон арыз ээлери шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коюшат. Андан кийин шайлоо комиссиясы тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коет.

Депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүгө жол ачылышы үчүн партия бүтүндөй республика боюнча добуш берүүгө катышкандардын 5%дан кем эмес добушун, ошондой эле ар бир регион боюнча добуш берүүгө катышкан 0,5% добуштун аймактык босогосун ар бир облустар, Бишкек жана Ош шаарлары боюнча чогултушу керек.

Белгиленген босогодон өткөн партиялардын талапкерлеринин тизмесинде мандаттарды бөлүштүрүү ар бир талапкердин алган добуштарынын санына жараша жүргүзүлөт.

БШК бирдиктүү шайлоо округу боюнча ар бир саясий партия жана талапкерлердин тизмесиндеги ар бир талапкерге берилген добуштарды эсептейт.

Саясий партия алган мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач саясий партия алган мандаттардын жалпы санынын 30 пайызынан кем эмеси добуштардын эң көп санын алган аял-талапкерлерге бөлүштүрүлөт.

Эгерде аял талапкерлер добуш ала алышпаса, анда аялдардын квотасы боюнча калган мандаттар аял талапкерлерди партиялык тизмеде жайгашуусуна ылайык тартипте бөлүштүрүлөт.

Мандаттардын жалпы санынын 70 пайызы башка талапкерлерге караганда кезектеги номери боюнча добуштардын эң көп санын алган талапкерлердин ортосунда бөлүштүрүлөт. Мында талапкерлердин тизмелердеги позициялары ар бир талапкер чогулткан добуштардын санына жараша төмөн карай ырааттуулукта жылдырылат.

Талапкерлердин тизмесиндеги талапкерлердин ортосунда чогултулган добуштардын саны тең болгон учурда, алардын талапкерлердин тизмесиндеги орундарынын ырааты БШКда тизмени каттоодо белгиленген талапкерлерди бул тизмеге киргизүү тартибине ылайык аныкталат.

Шайлоонун жыйынтыктары боюнча саясий партияга пропорционалдык система боюнча депутаттык мандаттардын жалпы санынын 50 пайызынан ашпаганы (27 депутаттык мандаттан ашык эмес) берилиши мүмкүн.

Аталган бир мандаттуу шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан, добуштардын эң көп санын (жөнөкөй көпчүлүк добуш) алган талапкер Жогорку Кеңештин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган депутаты болуп саналат. Талапкерлер алган добуштардын саны бирдей болгон учурда, эгерде кимиси күнү жана убактысы боюнча каттоо үчүн документтердин толук пакетин мөөнөтүнөн мурда тапшырса, талапкер ошол деп эсептелет.

Бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча чыгып кеткен депутаттардын ордуна БШК бош депутаттык мандат пайда болгондон кийин эки айдын ичинде тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча Президент тарабынан дайындалган жаңы шайлоо өткөрөт.

Жогорку Кеңештин депутаттары Жогорку Кеңешти шайлоонун мөөнөтү аяктаганга бир жыл же андан аз убакыт калганда чыгып кеткен учурда, чыгып кеткен депутаттардын ордуна депутаттарды шайлоо өткөрүлбөйт.